| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 15-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 6-апрели № 144 Манас айылы

**“Муниципалдык менчикте турган негизги каражаттарды эсептен чыгаруу жана ижарага берүү тартиби жөнүндө” жоболорду бекитүү жөнүндө**

“Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесине ылайык, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27 беренесине ылайык, Чоң-Алыш айылдык аймагынын айылдык кеңешинин туруктуу комиссиясынын корутундусунун “Муниципалдык менчикте турган негизги каражаттарды эсептен чыгаруу жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө” жобосун бекитүү тууралуу сунушун угуп, талкуулап Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезектүү 15-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын “Муниципалдык мүлктү ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө” жобосу 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Чоң-Алыш айыл аймагынын “Муниципалдык менчикте турган негизги каражаттарды эсептен чыгаруу тартиби жөнүндө” жобосу 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Муниципалдык мүлктү ижарага берүү боюнча иш-аракеттерди өз алдынча жүзөгө ашыруу жана мүлктү эсептен чыгаруу боюнча иш чаралардын толук жана туура жүргүзүлүшү, документтик тариздөө жана финансылык эсептөөлөр боюнча иш алып баруу жагы Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н. Касымовко милдеттендирилсин.
4. Ушул токтом Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтында жарыялансын.
5. Чоң-Алыш айыл кеңешинин жооптуу катчысы бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Талас облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
6. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жерди пайдалануу, архитектура, курулуш унаа жолдор, мал чарбачылыгы, муниципалдык менчик, мыйзамды сактоо, укук тартиби боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Бейшеналиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЧОН-АЛЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 15-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 6-апрели № 145 Манас айылы

**Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн эркин каражаты жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын эркин каражаты боюнча талкуулап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX - чакырылышынын кезектүү 15-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын эркин каражатынан:
- "Сармерден -2026" кыз-жигит таймашына 50 000сом;
- "Жашыл мурас" боюнча жашылдандыруу көрктөндүрүүгө көчөттөрдү алуу үчүн 40693,55 сом;
- Кара-Суу айылынын Ш.Токтогазиев көчөсүнө эс алуу парк салууга планировка жана башка курулуш иштерин аткаруу үчүн Чоң-Алыш муниципалдык ишканасына 50000сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н. Касымовко жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т. Бейшеналиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЧОН-АЛЫШСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кенешинин IX-чакырылышынын кезектүү 15-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 6-апрели № 146 — Манас айылы

**Жерлерди бир категориядан башкасына которуунун же бир түрүнөн башкасына которуу (трансформациялоо) жөнүндө.**

Манас айылынын тургуну Ибраимов Иманкан кайрылуусунун негизинде, Манас айылына ат майдан салуу боюнча жазган кайрылуусун карап көрүп, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-ноябрындагы № 665 “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомун жетекчиликке алып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезектүү 15-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын административдик чегиндеги Манас айылынын №322, 323, 320 чөйрө сызыктарындагы 1,70 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынын жайыт жерлер түрүнөн “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.

2. “Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө” мыйзамынын ылайык, жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө токтому жана жерге жайгаштыруу көктөмөсү Талас райондук мамлекеттик администрациясынын кароосуна жөнөтүлсүн.

3. Жогоруда аталган мыйзамга ылайык, которуу (трансформациялоо) боюнча корутундуларды жана юридикалык иш кагаздарды толуктоо, Талас райондук жер комиссиясына сунуш даярдоо Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Касымовго милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Т.Бейшеналиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЧОН-АЛЫШСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү**
**15-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 6-апрели № 147 Манас айылы

**“Манас айылындагы скважинага трансформатор “ТП”**
**орнотуу боюнча”**

Манас айылынын “Чырканак” участогунун 1423-чөйрө сызыгындагы №7627 сандуу скважинаны электр энегиясы менен камсыздоо үчүн трансформатор “ТП” орнотуу боюнча Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX - чакырылышынын кезектүү 15-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын административдик чегиндеги Манас айылынын “Чырканак” участогундагы №1423 чөйрө сызыгындагы жалпы 9 чарчы метр жер аянтына трансформатор “ТП” орнотууга макулдук берилсин.

2. Курулуш жумуштары архитектура жана курулуш башкармасынан алынган юридикалык иш кагаздарынын жана бекитилген курулуш куруу документеринин негизинде курулуштук нормаларды жана эрежелерди эске алуу менен жүргүзүлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага:** **Т.Бейшеналиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЧОН-АЛЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 15-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 6-апрели №148 Манас айылы

**Жерлерди бир категориядан башкасына которуунун же бир түрүнөн башкасына которуу (трансформациялоо) жөнүндө.**

Талас райондук мамлекеттик администрациясынын 2026-жылдын 17-февралындагы, №01-17/618 сандуу катын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин караштуу "Жашыл энергетика фонду" мамлекеттик мекемесинин 2026-жылдын 11-февралындагы №01-34/110 сандуу катын карап көрүп, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-ноябрындагы № 665 "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомун жетекчиликке алып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезектүү 15-сессиясы **токтом кылат:**

1.Энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануу максатында "Жерүй" суу электро станциясын жана инфратүзүм объектилерин куруу үчүн Чоң-Алыш айылдык аймагынын административдик чегинде жайгашкан "Түз-Ашуу" участогунун №12 – 5,42 га, №47 – 9,72 га, №51 – 1,63 га, №52 – 2,63 га жалпы аянты 19,4 га "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынын жайыт жерлер түрүнөн, "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берет.

2."Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" мыйзамынын ылайык, жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө токтому жана жерге жайгаштыруу көктөмөсү Талас райондук мамлекеттик администрациясынын кароосуна жөнөтүлсүн.

3.Жогоруда аталган мыйзамга ылайык, которуу (трансформациялоо) боюнча корутундуларды жана юридикалык иш кагаздарды толуктоо, Талас райондук жер комиссиясына сунуш даярдоо Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Касымовго милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Т.Бейшеналиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 15-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 6-апрели № 149 Манас айылы

***Жергиликтүү жамааттардын уставын бекитүү боюнча***

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамына ылайык, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезектүү 15-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын Жергиликтүү жамааттарынын уставы №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Жергиликтүү жамааттын уставын белгиленген тартипте иштеп чыгуу жана практикага киргизүү Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысына милдеттендирилсин.

3. Аталган токтом Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн https://chon-alysh.org.kg/?page_id=296 расмий сайтына жарыяланган күндө баштап күчүнө кирет.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т. Бейшеналиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЧОН-АЛЫШСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 15-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 6-апрели № 150 Манас айылы

**Чоң-Алыш айыл аймагынын жазгы талаа иштери жана мал акыларын бекитүү боюнча**

Чоң-Алыш айыл аймагынын жазгы талаа иштери жана мал акыларын бекитүү боюнча карап талкуулап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезектүү 15-сессиясы **токтом кылат:**

1.
2. 2026-жылга Чоң-Алыш айыл аймагындагы мал багуучулар үчүн кызмат көрсөтүү акысы төмөндөгүдөй болуп бекитилсин:

- Бодо малга бир айга - 1000 сом (тузу ичинде, жайыт акысы -130 сом);
- Жылкы бир айга - 1000 сом (тузу ичинде, жайыт акысы -130 сом);
- Сырттан келген бодо, жылкы малга бир айга жайыт акысы -200 сом;
- Кой-эчки бир айга – 150 сом (тузу ичинде, жайыт акысы –35 сом)Манас,Чат-Базар айылдарына, ал эми Кара-Суу айылына бир айга 130 сом(тузу ичинде, жайыт акысы-35 сом);
- Сырттан келген кой-эчки малдарга жайыт акысы -60 сом;
- Козу-улактарга бир айга-130сом (жайыт акысы 35сом)
- Топоз, төөлөргө жайыт акысы -300сом;
- Малдын санын жашырган малчыларга -50000сом;
- Кесүү кайтарганда малын карабай ит кушка жегизип алса, малдын башына баш малдын ордун тургузсун;
- Мал өлсө тез арада мал ээсине кабарлоо жана жеткирип берүү, жоголсо төлөп берүү малчыларга милдеттендирилсин. Айдоочу өлүк мал алып келсе 100 сом, тирүү койго 200 сом, тирүү бодо малга 700 сом, өлүк бордо малга 300сом мал ээси төлөп берсин;
- 15-апрелден баштап малчылар жакынкы жайыттарга көчүрүлсүн, эгер малчы 15-майга чейин көчпөй жакада отуруп алса 50000 сом штраф, 50000 штрафты төлөп дагы эле көчпөй отура берсе дагы 50000 штраф кайталанып салынсын.
- 25-сентябрга чейин малды таратканга болбойт, эгер көчүп келип алган малчыларга 50000сом штраф болуп бекитилсин;
- 10-июнга чейин орто жакынкы жайыттардан толугу менен малчылар Суусамыр жайлоосуна көчүрүлсүн, эгер көчпөй малы менен отуруп алган жана жылкыларын

жакынкы жайыттарга калтырып койгон малчыларга 50000 сомдон штраф салынсын;

- Эки баштан ашык жакада саан уй калтырылбасын, 3-4 баш уйга штраф 25000сом болуп бекитилсин;
- 25-сентябрь жыйын терин мезгили бүтө электе малдарын поляга түшүрүп жиберген жарандарга штраф бодо, жылкы малына башына- 2000 сом, кой-эчки майда жандыкка башына –300сомдон болуп бекитилсин.

1. Жазгы айдоо-себүү талаачылык жумуштарын аткарууга кызмат көрсөтүү көлөмдөрүн жеке трактористтерге 2026-жылга 1га жер аянтына калкка кызмат көрсөтүүнүн акысы төмөндөгүдөй баада бекитилсин:

- Айдатылган жердин акысы - 1600 сом, 30 литр солярка
- Дын жерди, беде себилген жерлерди бузуу - 3500 сом, 30 литр солярка
- Эспарцет себилген жерди бузуу - 1800 сом, 30 литр солярка
- Планировка - 1000 сом, 10 литр солярка
- Арпа, буудай себүү - 1000 сом, 10 литр солярка
- Даары чачуу -500 сом, 10 литр солярка
- Окучник – 1000 сом, 10 литр солярка
- Чөп чабуу -1300 сом, 10 литр солярка
- Чөп престөө ар бир түк -15 сом, 10 литр солярка
- Чөп тырмоо – 600 сом, 5 литр солярка
- Чөп ташуу каналдын асты 1000 сом, каналдын үстү 1200 сом
- Косилка - 1000 сом, 10 литр солярка
- Фасоль комбайн 15 литр солярка, тоннасына 1 кап.
- Фасоль себүү – 1000 сом, 10 литр солярка

2. Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн Чоң-Алыш муниципалдык ишканаларынын техникаларынын баасы жазгы айдоо-себүү, таалачылык жумуштарын аткарууга карата кызмат көрсөтүү көлөмдөрү төмөндөгүдөй баада бекитилсин:

- Айдатылган жердин акысы - 1600 сом, 30 литр солярка;
- Дың жерди, беде себилген жерлерди бузуу - 3000 сом, 30 литр солярка;
- Эспарцет себилген жерди бузуу - 1800 сом, 30 литр солярка;
- Планировка - 1000 сом, 10 литр солярка;
- Арпа, буудай себүү - 1000 сом, 10 литр солярка;
- Даары чачуу -500 сом,5 литр солярка;
- Окучник – 1000 сом, 10 литр солярка;
- Чөп чабуу -1300 сом, 10 литр солярка;
- Чөп престөө ар бир түк -15 сом, 10 литр солярка;
- Чөп тырмоо – 600 сом, 5 литр солярка;
- Чөп ташуу каналдын асты 1000 сом, каналдын үстү 1200 сом;
- Косилка - 1000 сом, 10 литр солярка;
- Фасоль комбайн 15 литр солярка, тоннасына 1 кап;
- Фасоль себүү – 800 сом, 10 литр солярка;
- Камаз рейсине каналдын асты - 1000 сом, каналдын үстү 1200 сом;
- МТЗ экскаватор саатына – 2500 сом;

- Септик, чуңкур казуу 1 метр -700 сом, арык тереңдиги 30 см-30 сом, 50 см-50 сом, ар 30 см- 5литр солярка;
- Бак дарактын тамырын жулуу 1 даанасы -200 сом май ичинде;
- Франталдуу жүктөгүч ар бир саатына- 3000 сом КАМАЗ 1000 сом, ГАЗ 53- 500сом;
- Эски там, короолорду түртүү көлөмүнө жараша 1000 сомдон жогору;
- Мурап акысы:
  - -каналдын өйдө жагы БСРден ичкендер 1га жерге- 500сом бир жылга;
  - -каналдын ылдый жагы - 400 сом бир жылга;
  - -огород-300 сом бир жылга;
- Суу уурдаган жарандарга - 5000 сом айып пул бекитилсин.

3. 15-майдан баштап малчыларды жайлоого көчүрүү жана 25-сентябрдан кийин жайлоодон жакага көчүрүү боюнча иш жүргүзүү жагы Чоң-Алыш муниципалдык ишкананын жетекчиси Б. Кундузбековко милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы өзүмө калтырылсын.

**Торага** **Т. Бейшеналиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 15-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 6-апрели № 151 Манас айылы

**Чоң-Алыш айыл аймагында азык-түлүк дүкондөргө алкоголдук ичимдиктерди жана тамеки буюмдарын сатуу убактысы боюнча чектөөлөргө тыюу салуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрында №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-берененин 12-пункту боюнча Чоң-Алыш айыл аймагында азык-түлүк дүкөндөргө алкоголдук ичимдиктерди жана тамеки буюмдарын сатуу убактысынын чектөөлөрдү киргизүү боюнча карап, талкуулап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезектүү 15-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагындагы азык-түлүк дүкөндөргө алкоголдук ичимдиктерди жана тамеки буюмдарын сатуу убактысына саат 22:00дөн 07:00го чейин тыюу салынсын.
2. Токтом менен иш алып баруу жагы Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н. Касымовко милдеттендирилсин.
3. Ушул токтом Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтында жарыялансын.
4. Чоң-Алыш айыл кеңешинин жооптуу катчысы бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Талас облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жерди пайдалануу, архитектура, курулуш унаа жолдор, мал чарбачылыгы, муниципалдык менчик, мыйзамды сактоо, укук тартиби боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Бейшеналиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 15-сессиясынын токтому**

2026-жылдын 6-апрели № 152 Манас айылы

**Чоң-Алыш айыл аймагындагы Чат-Базар, Манас жана Кара-Суу айылдарындагы борбор көчөлөрүн жарыктандыруу жөнүндө**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27 беренесине ылайык, Чоң-Алыш айыл аймагындагы Чат-Базар, Манас жана Кара-Суу айылдарындагы борбор көчөлөрүн жарыктандыруу боюнча карап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезектүү 15-сессиясы **токтом кылат:**

1. Өнүктүрүү саясат институтунан 90125 (токтон миң бир жүз жыйырма беш миң.сом) аппараттын спец. счетуна түшкөн акча каражатын Чоң-Алыш айыл аймагындагы Чат-Базар айылынын А.Оторбаев, Манас айылынын С.Кутманалиев жана Кара-Суу айылынын Б.Оторбаев борбор көчөлөрүн жарыктандыруу боюнча прожекторлорду алмаштырууга отургузулуп берилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н. Касымовко жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т. Бейшеналиев**